**Кыргыз Республикасында жол кыймылынын коопсуздугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө**

Жол коопсуздугун камсыз кылуу системасынын иштөөсүн талдоо айгинелеп тургандай, бул жаатта иштер системалык түрдө жүрбөй калган. Бул мамлекеттик жана муниципалдык органдардын пайда болгон коркунучтарга адекваттуу чара көрүүгө жөндөмсүз болуп калгандыгынан билинет.

Жол коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы системалуу чечимдердин жана саястаттын жоктугунун айынан азыркы мезгилде бул чөйрө башкарылбай калууда жана жарандар жана мамлекет үчүн коопсуздукка коркунуч келтирип жатат.

Азыркы абалды жарандар, коом, ошондой эле мамлекеттик органдар мамлекеттик так саясаттын жана контролдун жоктугунан мамлекеттин күнөөсү боюнча болуп жаткан техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаал катары баалоодо.

Авариялардын негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы өлкөдө жол-транспорт травматизминин деңгээли жогору болуп жатканын жана анын өсүш тенденциясын айгинелеп турат. 2000-жылдан баштап Кыргыз Республикасында 81 313 жол-транспорт кырсыгы (ЖТК) катталды, анда 16 723 адам каза болду, 111 191 адам жаракат алды. Аталган мөөнөттө ар бир бешинчи ЖТКда (17557) 2 103 бала каза болуп, 18 173 бала жаракат алды.

Жыл сайын мас абалындагы автомобилисттердин, жүргүнчү ташуучу транспорттун айдоочуларынын жана айдоочулук күбөлүгүн алгандан кийин биринчи жылда автомектептердин бүтүрүүчүлөрүнүн күнөөсү боюнча ЖТКнын саны өсүүдө. 2009-жылдан бери балдардын катышуусу менен ЖТКнын саны дээрлик 2 эсеге өстү. Каза болгон жана жаракат алган балдар жөө жана жүргүнчү катары ЖТКга кабылышкан.

Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун маалыматы боюнча 2015-жылы Кыргызстан БУУнун Европалык экономикалык комиссиясынын

регионундагы ЖТКдагы өлүмдүн саны боюнча Казакстандан кийинки экинчи өлкө болду.

Жол-транспорт кырсыгы менен байланышкан кырдаалдын начарлоосунун себеби болуп: калктын автомобилдешүүсү, жол инфратүзүмүнүн ылайыксыздыгы, айдоо маданиятынын төмөндөөсү, кыймылды жөнгө салуу жана бузууларды контролдоо каражаттарынын эскирүүсү, жол коопсуздугун камсыз кылуунун жана айдоочулук күбөлүктү алуу системасынын коммерцияланышы эсептелет.

Түзүлгөн шарттарда, 2013-2017-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы № 215 "Бийлик органдарында саясий жана системалуу коррупциянын себептерин жоюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгында белгиленген принциптерди жана чараларды эске алып, жол коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкарууну автоматташтыруу, башкаруу, мыйзамдар, жол инфратүзүмүн жакшыртуу, жол кыймылынын коопсуздугун медициналык жактан камсыз кылуу, маалыматтык өнөктүктү өткөрүү жана калктын маалымдуулугун көтөрүү чөйрөсүндөгү иш-чаралар каралган, жол коопсуздугун камсыз кылууга багытталган Чаралардын комплексин оперативдүү түрдө ишке ашыруу талап кылынат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана заманбап, ачык-айкын жана азыркы шарттарга туура келген жол коопсуздугун камсыз кылуунун системасын түзүү максатында Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңеши

**ЧЕЧИМ КЫЛДЫ:**

1. Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Ж.П. Разаковдун маалыматы көңүлгө алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын жол коопсуздук системасын реформалоо боюнча чаралардын комплекси (мындан ары – Чаралардын комплекси) жактырылсын.

3. **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө** төмөнкүлөр сунуштalсын:

1) ушул чечимди Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомун чыгаруу жана иштеп жаткан Кыргыз Республикасынын жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча комиссияга Чаралардын комплексин ишке ашыруу боюнча жоопкерчиликти жүктөө жолу менен ишке ашыруу.

2) **бир айлык мөөнөттө** төмөнкүлөрдүн зарылдыгын эске алуу менен Чаралардын комплексин ишке ашыруу боюнча иш-чараларды бекитүүнү камсыз кылсын:

- конкреттүү убакыттын этаптарын аныктоо менен "ЖТКда нөл курмандык" индикаторуна жетишүү максатында жол коопсуздугун

камсыз кылуунун максаттуу көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу жана бекитүү (ЖТКда каза болгон жана жаракат алган адамдардын саны, ЖТКда каза болгон жана жаракат алган балдардын саны, 100 миң адамга ЖТКда каза болгон адамдардын саны);

- жол кыймылынын эрежелерин бузууларды видеокаттоону, жол кыймылын автоматтык башкарууну, транспорттук каражаттар жана айдоочунун күбөлүктөрү жөнүндө маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга онлайн режимде өткөрүп берүү мүмкүндүгү менен транспорттук каражаттарды жана айдоочулук курамды каттоо боюнча борборлоштурулган маалыматтар базасын түзүүнү “Таза Коом” долбоорунун алкагында артыкчылыктуу тартипте автоматташтырууну ишке ашыруу;

- коркунучтуу жүктөрдү ташууда транспорт каражаттарынын ээлеринин жүргүнчүлөрдүн жана ташуучулардын алдындагы жарандык жоопкерчиликти милдеттүү камсыздандыруу механизмин жабыр тарткандардын укуктарынын жана кызыкчылыктарынын артыкчылыгын эске алуу жана камсыздандыруу компанияларынын кызыкчылыктарынын басымдуулук кылуусун жокко чыгаруу менен иштеп чыгуу;

- жол кыймылынын коопсуздугу чөйрөсүндөгү кылмыштар боюнча жазыктык куугунтуктоону жана сот өндүрүшүн жүргүзүүдө жоопкерчилик жана процесстик чектөөлөр бөлүгүндө, ошондой эле ылдамдык режимин: калктуу конуштарда кыймылдын ылдамдыгын 60 км/сааттан 50 км/саатка чейин, мектеп райондорунда 30 км/саатка чейин кыскартуу; жалпы билим берүү окуу жайларына жана мектепке чейинки мекемелерге жакын жайгашкан көчөлөрдө жана жолдордо транспорттук каражаттардын ылдамдыгын мажбурлап төмөндөтүү үчүн стандарттык жасалма тегизсиздикти орнотуу; жашы жете электердин жарыкты чагылдыруучу шаймандарды милдеттүү колдонуусун регламенттөө, ошондой эле балдар креслолорунун жана балдарды кармап калуучу түзүлүштөрдүн милдеттүүлүгү жөнүндө ченемдерди киргизүү бөлүгүндө мыйзамдарды катаалдантуу;

- Кыргыз Республикасынын КЖК 281-беренесинде каралган кылмыштар боюнча жоопкерчиликти катуулатуу жана процессуалдык чектөө, алкоголдук жана баңгизаттык мас абалында жол-транспорт кырсыгынын фактылары, ошондой эле ЖТК ордун таштап кетүү боюнча эл алдында айыпталуучу кылмыштарынын категориясына которуу, андан жеңил жазаны белгилөөгө жол бербөө (шарттуу камоо, башкаларга тапшыруу менен жазык жоопкерчилигинен бошотуу, ал адамдын коомчулук алдында коркунучту жаратпаганынан) каралган Кыргыз Республикасынын КЖК жана ЖПКга өзгөртүүлөрдү иштеп чыксын жана демилгелесин;

- автомектептердин жана жүргүнчүлөрдү коммерциялык ташуучулардын ишине лицензиялык контролду катаалдантуу, ошондой эле айдоочулук курамды сапатсыз даярдагандыгы үчүн

автомектептердин лицензиясын жөнөкөйлөтүлгөн жол менен ажыратуу боюнча сунуштарды иликтесин жана киргизсин, ошону менен бирге так жана ачык-айкын регламентти караштырсын;

- белгилүү бир мезгилдин ичинде транспорттук каражаттарды кайра каттоонун жеңилдетилген тартибинин механизмин иштеп чыгуу, ал мезгил аяктаганда транспорттук каражатты МККда каттатпастан айдагандыгы үчүн жоопкерчилик киргизилет;

- Бишкек-Нарын-Торугарт, Ысык-Көл шакекчесинин, Бишкек-Ош жана Түндүк-Түштүк альтернативдик жолунун трассаларында узатасынан кеткен линияларында ажыратуучу барьердик тосмолорду орнотуу; биринчи жана экинчи категориядагы (4 тилкелүү болсо) автомобилдик жолдорду курууну жана реконструкциялоону долбоорлогондо ажыратуучу тосмолорду орнотуу жөнүндө талаптарды киргизүү; “Жөө жүрүүчүлөргө артыкчылык берүү” саясатын эске алуу менен автомобилдик жолдор жана көчөлөр боюнча КЧЭлерди жана МАМСТларды иштеп чыгуу жана бекитүү; көчөдөгү жол тармагынын абалы канааттандыраарлык болбогондугунун айынан болгон жол-транспорт кырсыгы үчүн жол-коммуналдык оргaндарынын кызмат адамдарына административдик жана тартиптик жоопкерчиликти жүктөө каралган механизмди иштеп чыгуу;

- ЖТКны талдоонун, ошондой эле тез жардам машиналарынын жана подстанцияларынын санын көбөйтүүнүн зарылдыгынын негизинде эл аралык жана мамлекеттик маанидеги автомобилдик жолдордо кечиктирилгис бирдиктүү тез жардам пункттарынын санын көбөйтүү.

3) Чаралардын комплексин ишке ашыруунун финансылык-уюштуруучулук процессинин максатында **2017-жылдын 20-августуна чейинки мөөнөттө** зарыл болгон экономикалык эсептерди жүргүзсүн жана Чаралардын комплексинин иш-чараларын ишке ашырууга жооптуу адамдарды жана конкреттүү мөөнөттөрдү аныктасын;

4) Тикелей сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен Альфа-Телеком (Мегаком) уюктук компаниясын сатууну мыйзамда белгиленген тартипте камсыз кылсын жана Чаралардын комплексин ишке ашыруу, ошондой эле өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу үчүн финансылык каражаттарды максаттуу пайдаланууну караштырсын.

5) Баткен облусунун аэропортуна эл аралык аэропорт статусун берүү жана Бишкек-Исфана-Бишкек каттамдарынын санын көбөйтүү маселесин карап чыксын.

4. **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине** төмөнкүлөр сунушталсын:

- мыйзамдык ишти жүргүзгөндө ушул Чаралардын комплексинин алкагында иштелип чыккан мыйзамдык актылардын долбоорлорун артыкчылыктуу тартипте карап чыгуу сунушталсын.

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине **2018-жылдын 1-январынан тартып** жүргүнчүлөрдү, багажды жана

жүктү коммерциялык ташуу үчүн автомобилдин огуна карата рулу оң жакта жайгашкан автомобилдерди пайдаланууга тыюу салуу жөнүндө, “Автомобиль транспорту жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууну жана кабыл алууну демилгелөө сунушталсын.

5. **Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы** жол кыймылынын эрежелерин билүү боюнча окуп жаткандардан сынак кабыл алуу бөлүгүндө автомектептердин ишине контролду күчөтсүн.

6. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жүктөлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президенти,**
**Кыргыз Республикасынын Коопсуздук**
**кеңешинин төрагасы** **А.Ш. Атамбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Коопсуздук кеңешинин**
**катчысы** **Т.К. Джумакадыров**